Унутулдун...

Көздөрүң көздөрүмө чагылышып,
Кездештик капыс жерден... жаңылышып.
Бир кыйла мезгил өтүп арабыздан,
Биз азыр калыптырбыз сагынышып.

Сапырып жан - дүйнөмдү буюктурдуң,
Санаамдын баарын - баарын унуттурдуң.
Ашыкча мындай кезде сөздүн өзү,
Ансыз да не дээримди туюп турдуң.

Ажарың турат эсте күлүңдөгөн,
Ал кезде мен өзүңдү гүлүм дегем.
А сенин эсиңдеби айткан сөзүң:
"Ай эмес, Айдан жарык Күнүм!"- деген.

...Билемин неге үнсүз угуп турдуң,
Билемин, неге мынча улутундуң.
Азыр мен Айың эмес, Күнүң эмес,
Ай - Күндүн бетин тоскон булутуңмун.

Сөз айтпай, сөз сүйлөбөй дымып турдуң,
Сезимди неге мынча думуктурдуң?!
Азыр мен кусалыктын шамалы айдап,
Көзүңө жаш толтурган булутуңмун.

Булутуңмун...
    Улутундуң...
        Унутулдум...

Ырдын ээси Рысбай Исаков